УДК 1(091):930.1:140.8
DOI 10.35254/bsu/2024.70.07

***Арзыматова А.Ж.***
*К. Карасаев атындагы БМУ*
*Тарых илимдеринин кандидаты,*
*Ага окутуучу*
*E- mail: aarzymatova@bhu.kg*
*arzymatovaanarkul@gmail.com*

# ТАРЫХТЫН ФИЛОСОФИЯСЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

**Кыскача мазмуну**

Изилдөө тарыхый процесске карата философиялык көз караштардын өзгөрүшүн - байыркы циклдик моделдерден постмодернисттик чечмелөөлөргө чейин ачып берет жана ошол эле учурда орто кылымдардагы теоцентризмден жаңы доордун рационалисттик парадигмаларына чейинки методологиялык принциптердин эволюциясын талдайт. Коомдук өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчтөрү жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандырууда негизги ойчулдардын - Геродот, Вольтер, Гегелдин ролу ачылат. Тарыхый өнүгүүнү экономикалык мыйзам ченемдүүлүктөр менен байланыштырган Маркстын диалектикалык методологиясына өзгөчө басым жасалат. Сызыктуу прогрессивдүү концепциялар менен Шпенглердин циклдик теорияларынын ортосундагы карама-каршылык каралат. Жыйынтыгында тарых илими менен философиялык рефлексиянын өз ара көз карандылыгы жөнүндө тыянак чыгарылат, мында эмпирикалык маалыматтар теориялык түшүнүү менен байытылып, концептуалдык моделдер конкреттүү фактылар менен текшерилет. Өткөндү комплекстүү түшүнүү үчүн онтологиялык, гносеологиялык жана аксиологиялык аспектилердин синтезинин зарылдыгы белгиленет**.**

**Түйүндүү сөздөр:** тарыхый материализм, класстык күрөш, прогресс теориясы, постклasстык философия, тарыхый эпистемология, коомдук трансформация, экономикалык процесстер, маданий иденттүүлүк, булак таануу, тарыхый детерминизм.

***Арзыматова А.Ж.***
*БГУ им. К.Карасаева,*
*кандидат исторических наук, старший преподаватель*
*E- mail: aarzymatova@bhu.kg*
*arzymatovaanarkul@gmail.com*

# ФОРМИРОВАНИЕ И РАЗВИТИЕ ФИЛОСОФИИ ИСТОРИИ

**Аннотация**

Исследование раскрывает трансформацию философских подходов к историческому процессу — от античных циклических моделей до постмодернистских интерпретаций — параллельно анализируя эволюцию методологических принципов от средневекового

теоцентризма к рационалистическим парадигмам Нового времени. Раскрывается роль ключевых мыслителей — Геродота, Вольтера, Гегеля — в формировании представлений о движущих силах социальных изменений. Особый акцент сделан на диалектической методологии Маркса, связавшей историческое развитие с экономическими закономерностями. Рассматривается противоречие между линейными прогрессистскими концепциями и циклическими теориями Шпенглера. Итогом становится вывод о взаимозависимости исторической науки и философской рефлексии, где эмпирические данные обогащаются теоретическим осмыслением, а концептуальные модели проверяются конкретными фактами. Подчёркивается необходимость синтеза онтологического, гносеологического и аксиологического аспектов для комплексного понимания прошлого.

**Ключевые слова:** исторический материализм, классовая борьба, теория прогресса, постнеклассическая философия, историческая эпистемология, общественная трансформация, хозяйственные процессы, культурная идентичность, источниковедение, исторический детерминизм.

***Arzymatova A. J..***
*BSU named after K. Karasaev*
*Candidate of Historical Sciences.*
*Email: aarzymatova@bhu.kg*
*arzymatovaanarkul@gmail.com*

# FORMATION AND DEVELOPMENT OF THE PHILOSOPHY OF HISTORY

**Abstract**

This study reveals the transformation of philosophical approaches to the historical process from medieval theocentrism to modern rationalism. Key thinkers such as Herodotus, Voltaire, and Hegel shaped our understanding of social change. Special emphasis is placed on Marx's dialectical methodology, linking historical development with economic patterns. The contradiction between linear progressivist concepts and Spengler's cyclical theories is examined. Demonstrated the interdependence of historical science and philosophical reflection, where empirical data are enriched by theoretical understanding and conceptual models are verified by facts. The necessity of synthesizing ontological, epistemological, and axiological aspects for a comprehensive understanding of the past is emphasized.

**Keywords:** historical materialism, class struggle, theory of progress, post-nonclassical philosophy, historical epistemology, social transformation, economic processes, cultural identity, source studies, historical determinism

Тарых жөнүндө философиялык ой жүгүртүүдө байыркы доордон эле Геродот жана Полибий сыяктуу ойчулдар тарыхты циклдик окуялар катары карашкан. Алар тарыхты өткөндөн пайда алууга мүмкүндүк берген моралдык сабак катары түшүнүшкөн. Орус философиясынын акыркы классиги Алексей Федорович Лосев “байыркы доордо тарыхтын философиясы калыптануу стадиясында болгон” деген тыянакка келет [1, 116 б.]. Орто кылымдарга өтүү менен тарыхый окуяларды баяндап жазуу философиясы жаңы өзгөчөлүктөргө ээ болгон. Орто

кылым доору үчүн теологиялык баалулукка таянган дүйнөнүн диний сүрөттөлүшү мүнөздүү болгон. Кайра жаралуу доорунда (Ренессанс XV-XVI кылымдар) тарыхтын илимий тармака айланышына өбөлгөлөр түзүлгөн. Башкача айтканда илим катары тарыхтын теориялык негиздери, тарыхтын светтик концепциясы, тарыхтын жаңы рационалдуу мезгилдештирүүсү, тарыхый булактарды илимий сындоо ыкмалары иштелип чыккан. Тарыхчылар тарыхтын адамдык аспектилерине, саясий окуяларга, өмүр баяндарга жана маданий жетишкендиктерге басым жасашкан. Тарыхый булактарды сындап, өткөндүн салттуу идеяларынан баш тартышкан. Орто кылымдагы схоластикадан алыстап, адам менен жаратылышты изилдөөгө басым жасашкан. Ал эми тарых жөнүндө философиялык ой жүгүртүүлөргө алардын формулировкасы жана системалаштырылышы жаңы мезгилде жүргөн. "Тарых философиясы" терминин француз агартуучусу Вольтер тарабынан XYIII кылымда илимий ой жүгүртүүгө киргизген. Вольтер Франсуа-Мари Аруэ агартуунун көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болгон жана философиянын, тарых илиминин өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизген. Вольтер тарыхый фактыларды жана булактарды сындап талдоого чакырган. Ал тарыхчылардын калыс фактыларга таянып, бир жактуулуктан жана идеологиялык мифтерден алыс болушу керек деп ырастаган. Ошондой эле ал окуяны бурмалоону жана окуяларды романтикалаштыруу тенденциясын кескин сынга алган. Ал тарыхый окуяларды жөн гана сүрөттөп, аларды хронологиялык ырааттуулукта баяндап бербестен, тарыхый процессти философиялык жактан чечмелеп, чагылдырышы керек деп эсептеген. Вольтер тарыхый тажрыйбаны концептуалдаштырууда сынчыл ой жүгүртүүнүн, акылдын жана моралдык жоопкерчиликтин маанилүүлүгүн баса белгилеп, тарых философиясына олуттуу салым кошкон [2, 125 б.].

XVIII кылымда немец философиясынын көрүнүктүү өкүлү Иоганн Готфрид Гердер "Адамзат тарыхынын философиясына идеялар" аттуу эмгегинде дүйнөлүк тарыхтын өнүгүшүнө философиялык талдоо жүргүзгөн. Анын тарых философиясы жөнүндөгү идеялары терең гуманизмге жана ар бир элдин уникалдуулугун түшүнүүгө багытталган. Гердер ар бир этностун өзгөчөлүгүн жана уникалдуулугун чагылдырып, элдин руху "Volksgeist" түшүнүгүн киргизген [3, 112 б.]. Бул концепцияда Гердер тил, маданий жана тарыхый иденттүүлүктүн маанилүүлүгүн баса белгилеп, тарыхты түшүнүүдө жергиликтүү салттарды жана үрп-адаттарды эске алууну талап кылган.

Ал эми Гегель, Маркс, Тойнби тарыхтын түшүнүктөрүн максаттуу же обочолонгон процесс катары калыптандырууга олуттуу таасир эткен. Алардын идеялары бир жагынан тарых философиясын байытса, экинчи жагынан көптөгөн талаш-тартыштарды жана сын-пикирлерди жараткан. Гегель диалектикалык окуусунда байыркы философиялык окуулардагы таанып билүүгө метафизикалык түшүнүүгө карышы чыккан. Ал идеологиялык кубулуштардын өнүгүшүнүн өз алдынчалыгын туура белгилеген жана илимий таанып билүүнүн өнүгүшүнүн ички логикасын көрө билген. Гегель тарыхты абсолютизмге карай бара жаткан ички логикага ээ болгон бирдиктүү процесс катары карайт. Бул процесс тезиске, антитезага жана синтезге негизделген диалектикалык методго окшош кагылышуулар жана карама-каршылыктар аркылуу ишке ашат. Гегель карама-каршылыктар тарыхый процесстин ажырагыс бөлүгү экендигин баса белгилейт. Алар өнүгүүгө себеп болгон чыңалууну жаратат. Гегель тарыхтагы көрүнүктүү инсандардын маанилүүлүгүн түшүнөт, бирок алардын ишмердүүлүгүн кеңири

тарыхый процесстердин контекстинде каралышы керек деп эсептейт [4, 10 б. ].

Ал эми марксизимдин негиздөөчүлөрү коомдук жана саясий тарыхка болгон мамилени өзгөртүп, экономикалык мамилелерди адамдардын ишмердүүлүгүнүн негизги факторлору катары баса белгилеген. Ф.Энгельс төмөндөгүдөй белгилеген: “Экономикалык өнүгүүнүн башка областарга караганда басымдуулук болушу мен үчүн талашсыз... Экономика бул жерде жаңы эч нерсе пайда кылбайт, бирок ал ойлоо материалдарынын келечекте өнүгүшүнүн түрүн аныктайт” [5, 420б]. Марксизм тарыхый өнүгүү процесстерин жана социалдык өзгөрүүлөрдү терең талдаган социалдык-экономикалык жана философиялык теория. Марксисттик теорияда тарых ар кандай класстардын ортосундагы күрөштүн натыйжасы катары каралат. Марксисттик концепция боюнча тарых таптык күрөш аркылуу, феодализмден капитализмге, андан кийин коммунизмге өтөт. Ар бир тарыхый доор экономикалык жана социалдык карама-каршылыктар менен мүнөздөлөт. Тарыхый материализм адамдын аң-сезими жана идеялары коомдун экономикалык шарттары менен калыптанарын баса белгилейт. Ошентип, марксизм тарыхый прогресстин кыймылдаткычы катары экономикалык шарттарга, таптык күрөшкө жана социалдык өнүгүүгө басым жасап, тарыхтын материалисттик негизде түшүндүрүшөт.

Тарыхты изилдөө боюнча концепциялар циклдык, сызыктуу, структуралисттик, постмодерндик деп бөлүнөт. Бул концепциялар тарыхый процесстин негизги маанисин ачып берүүгө жана түшүндүрүүгө багытталган. Циклдык концепциялар тарых чексиз, башталышы жана аягы жок, жаралуу, гүлдөө, кыйроо жана кайра жаралуу циклдеринде кайталанат деп түшүндүрөт. Бул концепцияны карманган окумуштуулардын катарына Фридрих Вильгельм Ницше, Освальд Арнольд Готфрид Шпенглер, Арнольд Джозофер Тойнби ж.б.

Тарыхтын сызыктуу концепциясы түз сызыктуу жана коомдук өнүгүү идеясын билдирүүдө сызыктуу процесс катары тарыхый өнүгүү ырааттуу жана акырындык менен жүрөт деп болжолдойт, мында коомдун түзүлүшү, ар бир окуя, доор мурункуларды түздөн-түз ээрчийт. Бул идея окуянын циклдик түшүнүктөрүнөн айырмаланып, аны кайталануучу процесс катары карайт. Сызыктуу концепция окуялардын ортосундагы себеп-натыйжа мамилелерине басым жасайт. Ал мурунку окуялар кийинки окуялар үчүн шарттарды түзүп, ар кандай өнүгүү этаптарынын ортосунда логикалык байланыш бар экендигин баса белгилейт. Сызыктуу түшүнүк ар кандай маданияттардын жана коомдордун уникалдуу контекстин эске албашы мүмкүн. Ал адамдык тажрыйбанын ар түрдүүлүгүн эске албай, бардыгын бир прогресстин линиясына ылайыкташтырууга аракет кылышы мүмкүн. Жыйынтыктап айтканда, тарыхтын сызыктуу концепциясы тарыхый процесстин айрым аспектилерин түшүнүү үчүн пайдалуу болушу мүмкүн, бирок адамзаттын өнүгүшү жөнүндө толук жана ар тараптуу көз карашка ээ болуу үчүн анын чектөөлөрүн жана кемчиликтерин эске алуу керек. Тарыхтагы сызыктуу процесс, прогресстин жана өзгөрүүлөрдүн так жана жөнөкөйлөтүлгөн көз карашын бере алат, бирок муну менен адам тажрыйбасынын татаалдыгын жана ар түрдүүлүгүн этибарга албайт.

Постмодернизмбагыты1960-1970-жылдардын башында пайда болгон. Постмодерндик концепцияда тарых илим катары эмес, тексттерди чечмелөө искусствосу катары каралат. Бул концепция боюнча тарыхый булактар өткөндүн чагылышы эмес. Тарыхый булактарды изилдөөдө тарыхый окуялар бурмаланышы мүмкүн дешет. Тарыхчы тарыхый булактарды изилдөөдө, чечмелөөдө өзүнүн субъективдүү көз кар-

шын билдирүү менен тарыхый чындыкты бурмалайт деген концепция.

Ааламдашуу жана маалыматтык технологиялардын өнүккөн мезгилинде, тарых философиясы жаңы чакырыктарга жана суроололого туш болууда. Тарых татаал жана көп кырдуу процесс, анда географиялык, материалдык, руханий жана башкафакторлорбири-биринебайланыштуу. Ошондуктан, алардын арасынан коомдун жогору карай кыймылында чечүүчү роль ойной турган факторду табуу, имманенттик логикасын изилдөө тарыхтын философиясы колдонулат.

ХХ кылымда тарых философиясы экиге бөлүнөт:

1) Тарыхсофиясы (же тарыхтын онтологиялык, материалдык, субстанциялык философиясы) тарыхый процессти, адамдын жашоосунун негизги контексти катары концептуалдаштырып, философиялык тематизацияны изилдөө менен алектенет.

2)Тарыхтынаналитикалыкфилософиясы (же критикалык, рефлексивдүү тарых философиясы) тарыхтын мыйзамдарын карап чыгуу менен окуянын мазмунун аныктоого аракет жасайт.

Тарыхый окуяларды изилдөө үчүн, үч аспектини бөлүп кароого болот: онтологиялык, гносеологиялык жана аксиологиялык. Онтологиялык аспект, тарыхый фактыны анын башка элементтери менен байланышкан объективдүү чындыктын элементи катары таанып билүүнү камтыйт. Тарыхый окуялардын мазмунун социалдык, экономикалык жана саясий абалды кошо изилдөө менен ачылат. Ал эми гносеологиялык аспект тарыхый процesстеги субъективдүү учурларды түздөн-түз изилдейт. Башкача айтканда тарыхый процесстеги адамдардын ишмердүүлүгүн,психологиялыкмамилесин, алардын тажрыйбасын, эмоционалдык абалын талдоону өз ичине камтыйт. Мисалы, 2005 – жылдагы март окуясын изилдөөдө Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаевдин жана ошол мезгилдеги Өкмөт башчыларынын, элдин маанайын ж.б. эске алууну камтыйт. Тарыхый өткөндү теориялык жактан калыбына келтирүүдө тарых субъекттеринин ишмердүүлүгүнөн, алардын жалпы маданий деңгээлинен жана өз тарыхын түзүү жөндөмүнөн абстракциялоого болбойт. Тарыхый окуяга объективдүү баа берүү менен тарыхый чындыкты таанып билүүнү аксиологиялык аспект камтыйт. Тарых илиминин аксиологиялык аспектиси, тарыхый эс тутум түшүнүгү менен тыгыз байланышта. Коомдук баалуулуктар жана жамааттык эс тутум муундан-муунга өтүп келе жаткан өткөндү кабылдоону калыптандырат. Мисалы, ар кандай мезгилдеги тарыхый окуяларды белгилөө коомдун өзгөрүп жаткан баалуулуктарын чагылдырышы мүмкүн. Согуштардын, революциялардын жана маданий жетишкендиктердин эс тутумун азыркы социалдык өзгөрүүлөргө жана чакырыктарга ылайыкташтырса болот.

Тарых философиясынын максаттары:

- Тарых философиясы, тарыхый процесстин терең маанилерин жана максаттарын издөөгө, окуянын багыттуу кыймылы бар-жогун жана ал кайда алып бararын аныктоого багытталган;

- тарых илиминде колдонулган методдорду талдайт, тарыхты изилдөөгө альтернативдүү ыкмаларды сындайт жана сунуш кылат;

- тарыхый окуялардын жана инсандардын ишмердүүлүгүнө жана бааланышына байланыштуу аксиологиялык суроолор иликтенип, баалоо категориялары тарыхый баяндарга кандай таасир этерин түшүнүүгө жардам берет;

- убакытты концептуалдаштыруу сызыктуу же циклдик убакыт сыяктуу

- тарыхый процесстерди түшүнүүгө жана кабыл алууга кандай таасир этерин изилдейт;

- адамдын табияты жана маданий шарттары тарыхтын жүрүшүнө кандай таасир этерин жана тарых адамдын

инсандыгын жана коомун кандайча калыптандырарын түшүнүүгө аракет кылат;

- тарых философиясы прогресс, кулоо жана кризис түшүнүктөрүн талдайт, бул "прогресс" деген эмнени билдирет жана адамзаттын жетишкендиктери менен кемчиликтерин кантип баалоо керек деген суроолорду берет.

Жыйынтыктап айтканда, тарых илими фактыларды жана контексти берсе, ал эми тарых философиясы адамдын тажрыйбасын түшүнүүнү калыптандыруучу терең маанилик структураларды жана берилген идеалдарды издейт. Тарых илиминин жетишкендиктерин колдонбостон, тарых философиясынын өнүгүшү мүмкүн эмес. Ал конкреттүү фактыларды жана обьктивдүү чындыкты билбестен илимий жалпылоолорду жасай албайт. Тарыхтын философиясы дайыма тарых илиминин натыйжаларына таянат. Ал эми тарых илими тарыхтын философиясынан тарыхый өткөндү таанып-билүүнүн жана изилдөөнүн күчтүү методологиялык куралын алат.

**Адабияттар**


1. Лосев, А. Ф. Античная философия истории / А. Ф. Лосев. – Москва : Наука, 1977. – 208 с. – (Из истории мировой культуры).
2. Вольтер. Философские трактаты и диалоги / Вольтер. – Москва : Эксмо, 2005. – 432 с. – (Антология мудрости). – ISBN 5-699-13915-X.
3. Гердер, И. Г. Идеи к философии истории человечества / И. Г. Гердер. – 2-е изд., испр. – Москва : Центр гуманитарных инициатив, 2013. – (Книга света).
4. Гегель, Г. В. Ф. Лекции по истории философии. В 3 т. Т. 3 / Г. В. Ф. Гегель. – 2-е изд., стер. – Санкт-Петербург : Наука, 2006. – (Слово о сущем).
5. Маркс, К. Капитал. Т. 24 / К. Маркс, Ф. Энгельс // Сочинения : в 50 т. / К. Маркс, Ф. Энгельс. – 2-е изд. – Москва, 1952.